Выводы: Современные информационные технологии в учебном процессе позволяют повысить эффективность обучения. Использование видеоуроков на занятиях стали особо актуальными и занимают всё большее место в образовательном процессе. Нами разработаны видео уроки, тесты, презентации, электронные тетради и прочие полезные материалы для работы учителей.

Список литературы

1. Асипова Н.А., Казакбаева З.М. «Применение инновационных технологий в образовательном процессе КТУ «Манас». – II международная научно-практическая конференция «Перспективы развития научно-инновационной деятельности». НАН КР. – Бишкек: 2010. – с. 83-84.
2. Казакбаева З.М., Баратова Б. Использование ИКТ в учебном процессе. // "Известия КГТУ", Бишкек. –2011. – №24. – с. 313-315.
3. Казакбаева З.М. Опыт по использованию инновационных технологий в образовательном процессе / Материалы международной научно-практической конференции «Университеты мира как центры научных исследований» Тула. –2013г. –с.45-49.
4. Kazakbaeva Z, Zuridinova Z, Toktomatova A. "Teaching mathematics using ICT" // Abstract the V Congress of Turkic World Mathematicians, Kyrgyzstan.-2014.- P. 305.

УДК 37.013.43-055.52

АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Каниметов Жанкороз, *педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз–Түрк «Манас» университети, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы.*

Мадаминов Гапыр Маматкулович, *Лейлек району, №3–гимназиянын директору Баткен обл,Кыргыз Республикасы.*

Аннотация: Сунушталган макалада ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну айкындалат жана аны өркүндөтүү боюнча тажрыйбалар талдоого алынат.

Негизги сөздөр: ата-эне, үй-бүлө, тарбия, педагогикалык маданият, энелер мектеби, өнүктүрүү.

АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ РАЗВИТИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ РОДИТЕЛЕЙ

Каниметов Жанкороз *доктор педагогических наук, профессор Кыргызско –турецкий университет "Манас", г.Бишкек, Кыргызская Республика.*

Мадаминов Гапыр Маматкулович *директор гимназии №3 лейлекского района,Баткенская обл., Кыргызская Республика*

Аннтоация. В статье раскрывается содержание педагогической культуры родителей и анализируются опыты ее развития.

Ключевые слова: родители, семья, воспитание, педагогическая культура, школа матерей, развитие.

TOPICAL ISSUES OF DEVELOPİNG THE PEDAGOGICAL CULTURE OF PARENTS

Kanimetov Jancoroz *doctor of the pedagogics science, professor of the Kyrgyz- Turk University "Manas", Bishkek c., Kyrgyz Republic*
Madaminov Gapyr Mamatkulovich *a director of gymnasium № 3 Leilek district, Batken region, Kyrgyz Republic*

In article the content of pedagogical culture of parents reveals and experiences of developing it are analyzed.

Keywords: parents, family, education, the pedagogical culture, mother school, developing.

Аты белгисиз акылмандардын бири «Эч бир революция, өзгөчө натыйжа жагынан алып караганда, аны уюштуруучулардын акыл жана билим деңгээлинен ашып түшкөн эмес» – деп айткан экен. Бүгүн таалим-тарбия ишибиздеги көйгөйлөрүбүз жөнүндө сөз кылганда ушул ой эрксизден эсибизге келет. Бүгүн балдарды тарбиялоо чөйрөсүндө орун алып жаткан кризистердин тамыры башка жакта эмес, дал өзүбүздүн ошол маселеге карата мамилебизде жатат. Кыргыз коомунун тарыхый өнүгүшүнүн бир да этабында тарбия ишине кайдыгер үстүртөн мамиле кылган азыркыдай көрүнүш эч качан болгон эмес. Азыркы муун кайда бара жатат? Урпактарыбыздан кимди көргүбүз келет? Алардын адеп-наркы, ишеним, нарк-нускалары, жүргөн-турганын эмнеге багыттап тарбиялагыбыз келет? Ак караны ажырата элек балдарды азыркы цивилизациянын адам табиятына жат апааттарынан кантип сактап-коргоп калабыз? Бул туш-тарабы туңгуюк, табышмактуу татаал маселелер мамлекет жетекчилерин да, коомчулукту да олуттуу ойлондура элек. А. Алимбеков адилет белгилегендей: *"Республикабызда окутуу ишин жакшыртуу багытында ондогон эл аралык долбоорлор иштеди, бирок алардын арасында тарбия маселесин, жаш муундардын кишилигин калыптандыруу маселесин ичине алган бир да долбоор болбоду"* [1, 86]. Балдарыбыздын төбө чачты тик тургузган, жүрөк үшүтөрлүк жоруктары ачыкка чыгып дүң болгондо гана алапайыбызды таппай айыптууларды издей башатайбыз же анын кесепеттерин жоюу боюнча ар нерсени бир айтып, ар кимибиз акылдуу болуп чыга келебиз. Бул маселени чечүү эмес, натыйжасына кептелүү эмеспи. Мындай иш-аракет өрт өчүргүчтөргө гана мүнөздүү. Бирок, убакыт өткөн соң алардын баары унутта калат. Биз ушул маселени окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун көйгөйлүү маселелеринин тегерегинде карайбыз.

Арийне, чакан макаланын алкагында булардын баарынын себеп–натыйжаларын айкындап, жеткиликтүү жооп табуу мүмкүн эмес. Ошондуктан мында биз бул маселени чечүүнүн эң зарыл фактору болгон ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү тууралуу ойлорубузду жана өзүбүздүн Лейлек районунун №3-гимназия мектебинин алкагында түптөлүп, республиканын педагогикалык коомчулугу тарабынан колдоого алынган тажрыйбабыз тууралуу ойлорубзду ортого салмакчыбыз. Биздин көп жылдык тажрыйбабыз балдарды бардык негативдүү таасир чөйрөсүнөн арачылап калууга жалгыз мугалимдин, мектептин күчү жетпестигин ырастады. Ошону менен бирдикте азыркы тынымсыз өзгөрүүнү баштан кечирип жаткан заманда ата-энелер да өзүнүн тарбиячылык функциясын толук аткарууга компетентүүлүктөрү жетишсиз экендиктерин көрсөтүп жатышат. Ошол себептен, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу актуалдуу проблемага айланууда. Буга байланыштуу обол "маданият" жана "педагогикалык маданият" түшүнүктөрүнүн маани-маңызына токтоло кетүү зарылдыгы бар.

Акыл-эс, билим, абийир жана уят сыяктуу эле маданият адамды адам кылып турган негизги категориялардын катарына кирет жана алар менен өз ара тыгыз байланышта турат. "Маданият сөзү (латын тил. – "*culture*") Цицерон доорунан белгилүү болуп, белгилүү бир адамга же коомго мүнөздүү болгон ойлордун жана кыймыл-аракеттердин жыйындысы. Латын тилинен которгондо, ал иштетүү, өстүрүү, кайра иштетүү, жакшыртуу, тарбиялоо, калыптандыруу, сыйлоо ж.б. тушүндүрөт". [4, 111].

“Маданият” деген түшүнүк “цивилизация” түшүнүгү сыяктуу эле көп маанилүү. Жалпы мааниде алганда, чындыкты кайра тузүүгө, адамдык мүмкүнчүлүктөрү менен жөндөмдүүлүктөрүн аныктоого жана өнүктүрүүгө багытталган адамдын чыгармачыл ишмердиги маданият катарында чечмеленет. Философиялык сөздүктө “Маданият адамзат тарабынан коомдук – тарыхый өнүгүү процессинде жаратылуучу материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы ... – деп чечмеленет [5, 38]. Ал эми Педагогикалык энциклопедиялык сөздүктө: “Маданият коомдун тарыхый өнүгүү даражасы, адамдын чыгармачыл күчү жана жөндөмдүүлүгү болуп, ал адамдардын жашоосу жана ишмердүүлүгүнүн уюштуруу типтери жана формаларында, алардын өз ара мамилесинде жана алар түзгөн материалдык жана рухий байлыктарда чагылдырылат.” – деп аныкталган [3, 14]. Педагогикалык маданият адамдын жалпы маданиятынын курамдык бөлүгү катары педагогикалык билим, такт, педагогикалык техника, чеберчилик, сыяктуу компоненттрден турат.

Биздин изилдөөбүздүн предмети ата-энелердин педагогикалык маданияты болгондуктан, обол ошол түшүнүктүн илимдеги чечмеленишине кайрылдык. Бул маселеге атайылап кайрылып, аталган түшүнүктүн маңызын ачып берүүгө аракет кылгандардын бири украиналык улуу педагог В. А. Сухомлинский болгон. Ал ата-энелердин таалим–тарбия ишиндеги өзгөчө ордун төмөнкүчө белгилейт: “Мектепке чейинки мекемелер канчалык жакшы болбосун, жаш балдардын акыл-эси, оюн калыптандыруунун эң башкы “чебер–устаттары” (мастери) ата-эне болот. Баланы жетилгендик жана акылмандык дүйнөсүнө алып кирүүчү бул – үй-бүлөлүк коллектив. Бул жашта башка эч ким алмаштыра албаган, балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн негизи бул – уй-бүлөлүк коллектив.” [7. 112] Анын пикиринде ата-энелер бул курактагы балдарды узак убакыт өз ара, өз теңдери менен гана байланышып, чондордун системалуу, рухий таасиринен бөлүп кармаса балдардын ой жүгүртүүсү, коммуникативдик маданияты алда канча тайыз болуп калышы мүмкүн. “Биз бүгүн коомубуздун өнүгүүсүнүн ушундай бир мезгилине, баскычына келдик. Анда бүткүл калктын педагогикалык маданияты, өзгөчө ата- энелердин педагогикалык маданияты ар бир гражданиндин коом алдындагы өз милдетин аткаруусунун өбөлгөсү болот. Ал эми бул милдет эң алгач жаш муундарды тарбиялоо болуп эсептелет...” - деп эскертет ал. [7. 118]

И. В. Гребников ата-энелердин педагогикалык маданиятын алардын үй-бүлөдөгү тарбиячы катары педагогикалык даярдыгынын деңгээли катары айкындаган. [3] Педагогикалык маданияттын деңгээли көбүнесе ата-энелердин билими, алардын личностунун коомдук багытталгандыгы, жеке инсандык өзгөчөлүгү, турмуштук тажрыйбасынын байлыгынан көз каранды. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын маанисин эске алуу менен окумуштуулар бугүнкү күндө жалпы калктын, анын ичинде ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун ар түрдүү системасын сунуш кылышууда. Алсак, И. В. Бестужев–Лада тарабынан калкты тарбиялык ишмердүүлүккө тарбиялоонун өз ара байланышкан бир нече деңгээли сунушталган. Алгач бул темада элементардык маалыматты (“жыныстык ликбез”) окуучулар алышат. Кийин алар “болочок ата-энелер университетинде”, андан кийин “жаш ата-энелер университетинде” окушат. Бул педагогикалык маданиятты жогорулатуунун бүт өмүрдү коштогон системасы. [2,3] Бирок, И. В. Бестужев–Ладанын системасы теориялык көз караш, пикир деңгээлинде кала берген.

Биз мугалимдердин ата-энелер менен иштөө маданиятынын мазмунун, структурасын иштеп чыгууда илимий-педагогикалык методдорду жетекчиликке алдык. Экинчиден Лейлек районундагы № 3-эксперименталдык гимназиянын тажрыйбаларына таяндык. Гимназияда 1997–жылдан бери практикалык иш жүргүзүлүп келүүдө жана 20 жыл ичинде мектебибизде 700дөн артык ата-эне “Энелер мектебин” бүтүргөн.

Биз тараптан айкындалган ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмунун төмөнкүдөй компоненттер таризинде кароого болот:

1. Өзүнүн тарбиячылык – педагогдук милдеттерин өз балдарынын, коомдун, улуттун алдындагы жоопкерчилик катары сезүү жана бул багытта маданиятын тынымсыз өркүндөтүүгө карата чыныгы ыклас.

2. Окуучуларды тарбиялоодо элдик педагогикалык билимдерди пайдалануунун илимий-педагогикалык негиздери жөнүндөгү билимдерин жетиштүүлүгү. Атайын, педагогикалык – психологиялык адабияттарды үйрөнүү жана анализдөөнү билүү. Педагогикалык маалыматтарды кайра иштеп чыгуу жөндөмү, интуиция, акыл эмгегине жөндөмдүүлүк.

3. Рухий – адептик маданият, кишилик нарк-насилинин калыптангандыгы, б.а. ата-эне коомчулук тарабынан колдоого алынган адеп салттардын алып жүрүүчүсү болушу абзел.

4. Балдар жана ошондой эле башка адамдар менен ымала түзө билүү маданияты. Ал ата-эненин кеп маданиятынын өнүгүш зарылдыгын шарттайт. Анткени, балдарды оң багытта өзгөртүүгө таасир этүүнүн эң негизги каражаты таамай өз орду менен айтылган чебер сөз.

5. Жүрүм-турумдун жана келбеттин маданияты (кийим, сырткы көрүнүш)

Демек, ата-энелердин педагогикалык маданияты азыркы адам таануу илиминин жогоруда жазылган жана жазылбаган көптөгөн тармактарын өзүнө камтыйт. Ата-энелердин педагогикалык маданиятында негизги маселе ата-энелердин инсандык сапаттары (адамгерчилик, гумандуулук, адилеттүүлүк, чынчылдык, ак ниеттүүлүк), жалпы маданияты, өз ара ишеним жана урмат-сый мамиле, жашоо образы турат. Ата-энелердин педагогикалык маданияты балдардын үй-бүлөдөгү жашоосун акыл-эстүү, туура уюштуруу, алардын инсандыгынын калыптануусунда түрдүү ишмердүүлүктөрдү кызыктуу уюштурууга өбөлгө боло алат. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын тайыздыгы үй-бүлөдө балдарды сокур тарбиялоого жана анын натыйжасында балдардын мектепке, коомго татыктуу тарбия албай келишине себепчи болот. Башк сөз менен айтканда, үй-бүлөдөн таш боор, жалкоо, жалганчы, эки жүздүү, орой, зөөкүр, мажүрөө балдардын чыгышы ата-энелердин педагогикалык маданиятынын тайыздыгынын таасын далили.

Үй-бүлөнүн педагогикалык маданиятынын тамырлары элдик педагогиканын тереңинде жатат. Ата-энелердин педагогикалык маданияты элдик адат, традицияларга, эреже-нормаларга, элдик акылмандуулукка негизделет. Ошентип, ата-энелердин педагогикалык маданияты үй-бүлөлүк тарбиянын негизин жана балдар бакчасы, мектеп, ЖОЖдордо жалпы эле коомдук тарбиянын башаты болуп эсептелет. Мына ушул өңүттөн алып караганда бүгүнкү Кыргызстанда ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү канчалык зарыл жана актуалдуу экендиги көрүнүп турат.

Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүдө алардын тарбиячы педагог катары өз алдынча билим алышы, өз билимин өркүндөтүүсү өзгөчө мааниге ээ. Ата-энелердин өз балдарын туура тарбиялоо менен жоопкерчиликти сезип, ал үчүн атайын китептерди, адабияттарды окуп өздөштүрүшү зарылдыгын түшүнүшү алардын педагогикалык маданиятынын көрсөткүчү боло алат. В.А. Сухомлинскийдин пикиринде ата-энелер балдар төрөлгөнгө чейин эле балдарды тарбиялоо жөнүндөгү атайын китептерди, гезит–журналдарды окуп, тажрыйбалуу үлгүлүү ата-энелердин тажрыйбасы менен таанышып чыгышы шарт. Арийне, айыл мектеп шартында илимий – педагогикалык адабияттар жокко эсе. Анын үстүнө мындай багыттагы китептер кыргыз тилинде өтө эле аз санда. Ошондуктан биз тараптан бул ишти жолго коюунун эң ийкемдүү жолу катары "Энелер мектеби" түзүлгөн.

"Энелер мектеби" өзүнүн прогрммасына ээ. Программанын мазмуну ата-энелердин педагогикалык маданиятындагы кем-өксүктөрдү үйрөнүү жана талдоо аркылуу иштелип чыккан. Белгиленген программалык иш-чараларды жемиштүү аткарууну камсыздоо үчүн "Ата-энелер сиздер үчүн" китеби жазылып басмадан чыгарылган. Мындан тышкары мектепте ата-энелер бөлмөсү түзүлүп, анда балдарды үй-бүлөдө тарбиялоого байланыштуу керектүү китептер, энциклопедиялар, гезит–журналдар, үлгүлүү ата-энелердин үй-бүлөлүк тарбиясынын тажрыйбасы, эскертме–сунуштар ж.б чогултулган. Мектепке келген ата-энелер балдардын сабагына катышып, мугалимдер менен баарлашып, ата-энелер каанасында болуп, адабияттар менен таанышып, үлгүлүү ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүп кетишет. Мында М. Жолматов, Ж. Токтоназарова, И. Каландарова ж.б. өз балдарын тарбиялоо боюнча өрнөктүү тажрыйбалары дубал газеталарында тустүү сүрөттөр, схема–таблицалар аркылуу

баяндалган. Бул бөлмөгө өзүбүздүн мектептен тышкары башка мектептерден тажрыйба үйрөнүүгө келген ата-энелердин саны жыл санап артууда. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өстүрүү боюнча гимназиябыздын 20 жылдык тажрыйбасы республикалык, облустук, райондук телекөрсөтүү, гезит–журналдарда чагылдырылып, семинар, конференция, симпозиум, съезддерде талкуулардын предмети болуп келет. Өзгөчө 2015–жылдын августунда өткөн Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин 3-съездинде автордун “Энелер мектеби жөнүндөгү” баяндамасы съезддин катышуучуларынын чоң кызыгуусун жараткан.

Бүгүнкү күндө “Энелер мектебинин” тажрыйбасы Сүлүктү, Баткен, Ноокат, Араван, Чон Алай, Ош шаар–райондорунун бир топ мектептерине жайылтылууда. Ал эми Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн 2016-жылдын 5-сентябрындагы буйругу менен райондогу бардык 65 мектеп жана 45 бала бакчасында коомдук башталышта, автордун программа жана колдонмо китебинин негизинде “Энелер мектеби” ачыла турган болду. Мунун өзү районубуздун ата-энелеринин ошону менен бирге жалпы калктын педагогикалык маданиятын жогрулатууга чон кадам болду десек болот.

Жыйынтыктап айтсак, бүгүнкү татаал коомдук турмушта окуучуларды окутуу–тарбиялоонун сапатын жакшыртуу аларды зордук-зомбулук, наркомания, укук бузуу ж.б.у.с. терс таасирлерден сактоо; үй-бүлө жана коомдо жагымдуу, өнүктүрүүчү педагогикалык моралдык – психологиялык климат түзүүнүн зарыл шарттарынын бири – бул ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү болуп саналат.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Улут тагдыры – туура уюштурулган таалим–тарбияда// Ж. Баласагын атындагы КМУУнун жарчысы. – 2014. – Атайын чыгарылыш. – 86-89 б.б.
2. Бестужев–Лада И. Ожидаемые и желаемые изменения в системе народного образования России // Учитель. – 1997. – № 2. – С. 3.
3. Гребенников И.В. Основы семейной жизни: Учебное пособие для студентов пед. институтов. – М.: Просвещение, 1991. – 158 с.
4. Гребенников И.В. Педагогическую культуру каждой семье. – М.: Знание, 1978. – 41 с.
5. Каган М.С. Философия культуры / М.С. Каган. – СПб.: Петрополис, 1996. – 414 с.
6. Мадаминов Г. “Ата-энелер сиздер үчүн”. – Бишкек, 2015- 56 б.
7. Сухомлинский В.А. О педагогической культуре родителей [Текст] / В.А. Сухомлинский // Избранные педагогические сочинения в 3-х томах. – М., 1981. – Т. 3. – 436 б.

УДК 377.031:378.4(100)

МЕКТЕПТЕ ОКУУЧУЛАРДЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТТЕРГЕ ОКУУГА ДАЯРДОО

Мадаминов Гапыр Маматкулович Мадаминов Гапыр Маматкулович *Лейлек району, №3–гимназиянын директору Баткен обл,Кыргыз Республикасы, E-mail:m.i.g.11.14@list.ru*
тел: 0558958285.

Аннотация: Бул темада эл аралык университеттердин өзгөчөлүктөрү, Болон системасы, аларда окуган студенттерге коюлуучу талаптар, эл аралык университеттерге окууга мектептен баштап окуучуларды кызыктыруу, даярдоо жөнүндө айтылат. Эл аралык университеттерге окууга даярдоодо Лейлектеги №3 гимназияда пайдаланылган Акыл эмгегинин маданияты (АЭМ), ой өрүшү-кругозор сабагы, чет тилини үйрөнүү курс, ийримдери жөнүндө маалымат, алардын натыйжасы баяндалат.